«Бекитемин»

Мектеп директору

Сайдинова Дж.Б.

**Ак-Тилек ЖББ орто мектеби**

**Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө Жобо**

**1.Жалпы жоболор**

1.1.Жарандардын оозеки жана жазуу түрүндөгү кайрылууларын өз убагында кароону уюштуруу, жооп берүү,чечим чыгарууну коюлган мөөнөттө жөнгө салуу тартиби.

1.2.Жарандардын оозеки жана жазуу түрүндөгү доо-арыздары мектептин тартиби боюнча өз убагында каралат.

1.3.Мектепте тартип боюнча жарандардын жекече, жамааттык арыздары каралат (мындан ары кайрылуулар).

**2.Жарандардын келип түшкөн кайрылууларынын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын тизмеси**

2.1.Мектепте төмөнкү укуктук ченемдик актылар жарандардын кайрылууларын жөнгө салат: КР Мыйзамынын "Жарандардын кайрылуууларын кароо жөнүндөгү"4- май 2007- жылдагы №67 (КР Мыйзамдарынын редакцияланышы 26.02.2008-ж.№16,15.07.2009-ж.№214, 3.05.2011-ж."17,15.07.2013-ж. №144,17.02.2015-ж.№35,27.07 2016-ж.№148,27.07.20216-ж.№151)

**3.Жарандардын кайрылууларын кароону маалыматтоо тартибинин талаптары:**

3.1.Мектептин жарандардын кайрылууларын кабыл алуучу электрондук почта,телефонунун номерлери боюнча маалымат берүү

3.2.Мектептин почталык дареги: Чүй областы,Кемин району, Ново-Михайловка айылы Жаңы-Чек көчөсү №/ж.Почталык индекс:724520. Электорондук почтанын дареги: ak-tilek17@mail.ru Кабыл алуу телефон номери:0706 080166.

**4. Жарандардын кайрылуусун кароо мөөнөтү**

4.1. Жарандардын кайрылуулары 1 күндөн кем эмес убакытта каттоодон өтөт.

4.2.Жарандардын кайрылуулары мектептин компетенциясында эмес болсо,5 күндүн ичинде тийешелүү жакка дарек менен жөнөтүлөт.

4.3.Жарандардын кайрылуулары бир нече суроодон туруп,башка уюмдардын же бөлүмдөрдүн компетенциясында болсо, 5 күндүн ичинде көчүрмөлөрү даректин негизинде жөнөтүлөт.

4.4.Жарандардын жазуу түрүндөгү кайрылуулары катталгандан кийин 14 күндүн ичиндеги мөөнөттө каралат.

4.5.Кайрылууга карата кошумача материал топтоого жана таанышууга, текшерүүгө жана башка ченемдерди кабыл алууга карата кайрылган жаранга мөөнөттү узартуу боюнча жетекчи же жетекчинин орун басары жазуу формасында кайрылат (30 күндүн ичинде).

4.6. Жарандын оозеки түрүндөгү кайрылуусуна (телефон же жекече) мектептин кызматкери жекече жооп берсе болот же убагында жооп бере албаса, кайрылган жаранга кат жүзүндө кайрылуусун айтып, башка убакытта жооп бересе болот.